**Список использованной литературы:**

1. Алиева Л. В. Детское движение — субъект воспитания. Теория, история, практика. - М.: МАКС — Пресс, 2002. - 221 с
2. Внешкольные учреждения. Пособие для работников внешкольных учреждений. Под ред. Л. К. Балясной. М.: Просвещение, 1978.-255 с.
3. Воспитательная деятельность пионерской организации: вопросы методики / под ред. Б.Е. Ширвиндта. − М. : Педагогика, 1982. − 168 с.
4. Иванов И.П. Методика коммунарского воспитания : Кн. для учителя / И. П. Иванов. - М. : Просвещение, 1990. - 143,[1] с
5. Поляков С.Д. Коллективное творческое воспитание: перезагрузка / С.Д. Поляков // Педагогика. – 2015. – № 3. – с.135-147
Рожков М. И., Волохов А. В. Детские организации: возможности выбора :. - М. : ООО "Фидес", 1996. - 111 с.
6. Уманский А.Л. Педагогическое сопровождение лидерства во временных игровых объединениях подростков. - Кострома : КГУ им. Н.А. Некрасова, 2004. - 117 с.
7. Психология организаторской деятельности школьников - М.: Просвещение, 1980.- 160 с

УДК 37
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-163-167

**Садыкова К.**
И.Арабаев атындагы КМУ, мамлекеттик тил жана маданият институту, ага окутуучу
**Садыкова К.**
КГУ им. И.Арабава, институт государственного языка и культуры, старший преподаватель
**Sadykova K.**
KSU I. Arabava, Institute of State Language and Culture, Senior Lecturer

# КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛООНУН МЕТОДИКАЛЫК ЖАГДАЙЛАРЫ
# МЕТОДИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ ОЦЕНКИ УСПЕВАЕМОСТИ УЧЕНИКОВ НА УРОКЕ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА
# METHODOLOGICAL ASPECTS OF ASSESSING STUDENTS' PERFORMANCE IN THE LESSON OF THE KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация:** Бул макалада мектеп окуучуларынын билим деңгээлин баалоонун методикалык аспектери талдоого алынат. Окуучунун билимин баалоонун түрлөрү сыпатталат жана баалоо критерийлери боюнча ой жүгүртүлөт.

**Аннотация:** В данной статье анализируются методические аспекты оценки уровня знаний школьников. Описаны виды оценивания знаний учащихся и рассмотрены критерии оценивания.

**Abstract:** This article analyzes the methodological aspects of assessing the level of knowledge of schoolchildren. The types of assessment of students' knowledge are described and assessment criteria are considered.

**Негизги сөздөр:** баалоо, баалоо критерийлери, баалоонун ыкмалары, байкоо жүргүзүү, тест, өзүн-өзү баалоо, калыптандыруучу баалоо.

**Ключевые слова:** оценивание, критерии оценивания, методы оценивания, наблюдение, тестирование, самооценка, формирующее оценивание.

**Key words:** assessment, assessment criteria, assessment methods, observation, testing, self-assessment, formative assessment

Жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулардын билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандырууда, аларга чың билим берүү үчүн системалуу иш алып баруу, чыгармачыл ойлондуруучу көнүгүүлөрдү сунуштоо, окуучулардын жеке ишмердүүлүгүнө артыкчылык берүү аркылуу мугалим эффективдүү натыйжага жете алат.

Предмет боюнча окуу материалдарын берүүдө, андагы фактыларды окуучулардын мыкты өздөштүргөнүн баалоодо мугалим же болбосо, окуучу өзү деле баалоону уюштуруучу чен-өлчөмдөрдү колдонот, мындай критерийди (чен-өлчөм) пайдалануу менен баалоо бул процесстердин жалпыга бирдей даражада так жана түшүнүктүү болушуна шарт түзөт.

Критерий – бул баа берүүгө, бир нерсени аныктоого классификациялоого негиз болуучу белги.

Баанын ченеми. Кыргыз тили мугалими окуучуларынын предмет боюнча жетишкендиктерин баалоонун ар түрдүү ыкма-методдорун колдонуу менен жүргүзсө болот, алар төмөнкүлөр:

- байкоо жүргүзүү;
- өз алдынча иштөө;
- окуучу менен жекече аңгемелешүү;
- тест аркылуу баалоо;
- эссенин жардамы менен баалоо;
- өзүн-өзү баалоо, бирин-бири баалоо;
- окуучулар менен аңгемелешүү же талкуулоо.

Байкоо жүргүзүү ыкмасы. Мугалим окуучуга мектепте жана мектептен тышкаркы учурда да, оозеки жоопторуна да байкоо жүргүзүлүшү мүмкүн. Байкоо формалдуу жана формалдуу эмес болот. Формалдуу байкоо оозеки жооптордо, ролдоштурулган оюндарда, жуптарда, топтордо иштегенде, практикалык иштерди аткарууда жүргүзүлөт, бул учурда окуучу менен сүйлөшүп айрым маалыматтарды түшүндүрүү да маанилүү. Мисалы, дил баян жазуу учурунда терезени тиктеп отурган окуучуга суроо бергенибизде ал өз жообунда эмне жазуу керектигин эсине түшүрүп жаткандыгы тууралуу айтышы мүмкүн.

Формалдуу эмес байкоо класста, класстан тышкары учурда окуучулардын күнүмдүк тапшырмаларды аткаруу учурунда жүргүзүлүшү мүмкүн, бул байкоонун жыйынтыгын мугалим журналга белгилөөсү зарыл,ал үчүн бир сабакта бир же бир нече окуучуну тандап алып алардын сабак учурундагы ийгиликтүү жактарын же жетишпестиктерин жазып алуусу керек. Ошентип мугалим окуучулардын даана көрө алат. Мугалим байкоо ыкмасын колдонууда окуучулардын жетишкендиктерин эсепке алууну комментарийлер менен тизмелеп, окутуу процессиндеги кызыктуу окуяларды жазып туруучу дептерди ачса болот.

Окуучулар менен аңгемелешүү же талкуулоо жүргүзүү ыкмасын колдонуунун максаты окуучулардын окуп жаткан материалдарды түшүнүүсү, кабыл алуусу, билимдери боюнча маалыматтарды чогултуу болуп саналат, мында мугалим окуучуларга төмөндөгүдөй ачык суроолорду берүүсү мүмкүн:

1. Силер кандай ойлойсуңар, бул жерде сөздөр кандай жол менен жасалган?
2. Сөздөрдү эмне үчүн ушундай жол менен жасадыңар?

3. Сөз жасоо проблемасын иликтеген кайсы окумуштууларды билесиңер?

Бул суроолорго окуучулар сөз жасоо бөлүмү боюнча алган теориялык билимдерине таянуу менен жооп беришет.

Окуучу менен жекече аңгемелешүү. Кыргыз тили сабагында ар бир окуучу менен бетме-бет аңгемелешүү окуучуларды жакындан билүүгө жол ачат, бул аңгемелешүүдө негизги эскертүүлөр жазылуусу зарыл, ошондой эле баарлашууда тилдик, кептик конструкциялар туура колдонулгандыгына көңүл бөлүү керек.

Өзүн-өзү баалоо жана бирин-бири баалоо. Баалоонун бул түрүндө жетишкендиктер, кемчиликтер жана аларды жоюунун жолдору да аныкталат. Окуучулардын өз жетишкендиктерине баа берүүсү, кетирген каталарын оңдоого аракети, өз алдынча иштөөсү аркылуу өзүн-өзү баалай билүү жөндөмдүүлүгү калыптанат. Ар бир сабактын жыйынтыктоочу этаптары окуучулардын өзүн-өзү баалоо, бирин-бири баалоо критерийлерине ылайык төмөндөгү суроолорго жооп берүүсү менен ишке ашырылат:

1. Теманы өздөштүрүүдөгү ийгиликтериң кайсылар, кемчиликтериң?
2. Өзүңө эмне каалайсың?
3. Классташтарыңа эмне каалайт элең?
4. Теманы өздөштүрүүдө кандай кыйынчылыктар болду?
5. Сабакта эмне кызыктуу болду?
6. Сабак процессинде эмнелерди үйрөндүң?
7. Сабакта эмне жакты, эмне жаккан жок, эмне үчүн?

Бирин-бири баалоонун артыкчылыгы окуучулардын ар бири аракеттеринин (жоопторунун) мыкты же начар жактарын байкоо аркылуу өзү да өсүү менен кетирген каталарын талдоого мүмкүндүк жаралат. Баалоонун бул түрүн окуучулар дил баян, эсселерди баалоодо бирин-бирине пикир билдирүү максатында пайдаланышат, «жолдоштук рецензия», «эки жылдыз бир каалоо»ыкмасын колдонуу аркылуу «жылдыз» белгисин жазуу ишиндеги артыкчылыктуу, мыкты деген жерге коюп, ал эми так эмес, толуктоону талап кылган жерге сунуш катары «каалоолорун» жазышат.

Тест аркылуу баалоо. Тест аркылуу баалоо окуучулардын предметтин мазмунун түшүнгөнүн, билгенин текшерүү максатында жүргүзүлөт. Тесттер калыптандыруучу, жыйынтыктоочу баалоодо колдонулат. Көптөгөн баалоонун бир түрү катары тест баалоонун башка түрлөрү менен айкалышып колдонулат.

Тесттин түрлөрү:

1. Даяр жооптордун ичинен жоопту тандаган тест.
2. Жооптордун ичинен бир нече жоопту тандаган тест.
3. Сунушталган жооптордогу байланышты аныктаган тест.
4. «Туура», «туура эмес» жооптуу тест.
5. Жоопсуз тест, суроолор жана жооптор ж.б.

Суроолор жана жоопторду колдонуу – предметтин мазмунун окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгүн текшерүүнүн жакшы ыкмасы.

Эссенин жардамы менен баалоо. Эссе жазуу теманы түшүнүүнү жана билимдерди текшерүүнүн алгылыктуу ыкмасы болуп саналат.Эссе боюнча баалоону практикалоонун кыйынчылыгы, текшерүүгө жана баалоого атайын убакыттын талап кылынышы болуп саналат. Ошондуктан мугалим чакан (1, 3, 5 мүнөттүк) эссени пайдаланса болот, эссени баалоодо төмөнкүлөргө көңүл бурулууга тийиш:

- Тема менен байланыштуулугуна;

- Ынандыра билүүсүнө;
- Ойдун оригиналдуулугуна;
- Идеянын логикалуулугуна;
- Тексттин түзүлүшүнө;
- Грамматикалык, орфографиялык жана стилдик жактан тууралыгына.

Өз алдынча иштөө кыргыз тили сабагында билимдерди калыптандыруучу өз алдынча текшерүү иштери көбүнесе жаңы материалдарды түшүндүргөндөн кийин жүргүзүлөт. Бул иш мугалимге жаңы материалды үйрөнүүнүн эң баштапкы этабында эле окуучулар аны кандай өздөштүргөндүгүн текшерүүгө мүмкүндүк түзөт. Өз алдынча иштөө сабактын 10-15 мүнөтүн алат, өз алдынча иштин тапшырмасы берилген материалдар боюнча күтүлүүчү натыйжаларды текшерүүгө багытталат.

Окуучулардын көңүлүн өз алдынча аткарылуучу ишти аткаруунун техникасына буруу зарыл:

1. Берилген убакыттын чегинде ишти аткаруусу.
2. Баалоо критерийлерин так билүүсү.

Өз алдынча иштөөдө окуучулардын арасында талкуулоого уруксат берилбейт, бирок зарыл болгон учурда окуу материалын окуу китебинен пайдаланууга мүмкүндүк берип, кошумча материалдарды сунуштоого болот, «ачык китеп» ыкмасы да колдонулат. Өз алдынча ишти аткаруунун жыйынтыгында мугалим окуучулардын аткарган иштерин текшерет, алар менен кайтарым байланыш жүргүзүлөт.

**Калыптандыруучу баалоо.** Калыптандыруучу баалоонун өзгөчөлүгү талдоо жол жоболору окуучулардын таанып-билүү процессиндеги өсүштү аныктоочу ыкмаларды колдонууга байланышкан. Бул баалоону окуп-үйрөнүүнү жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу үчүн пайдаланууга болот. Окуп-үйрөнүү жана баалоо критерийлеринин ар түрдүүлүгү мугалимдерге таанып-билүүдөгү ар кандай стилдерди каалаган класста колдонуу жана өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Калыптандыруучу баалоонун ыкмаларын шарттуу түрдө бир нече деңгээлге бөлүп көрсөтүүгө болот. Алардын бири катары теманы түшүндүрүү процессинде мугалим тапшырмаларды аткарууда ар кыл баалоо ыкмаларын колдонсо болот. Айталык, сабакты түшүндүрүп жаткан учурда эле сөзүн бир азга токтотуп, балдардын түшүнүп жатканын билүү үчүн суроо берет жана окуу процессиндеги алардын ишмердүүлүгүн көзөмөлгө алат. Эгерде мугалим окуучунун түшүнбөй жатканын байкап калса, аны чечүүнүн жагдайын тез арада ойлонуштурат. Ал окуучунун сөзүнөн, берген жообунан кийин: «Эмне үчүн, кандайча, кантип, эмнеликтен...» деген өңдүү тактоочу суроолорду берүүчү деңгээлдери менен иш алып барат. Калыптандыруучу баалоонун кийинки деңгээли, тактап айтканда, анча чоң эмес аралык жумуштар: тест, ар кандай тапшырмалар, 3 мүнөттүк эссе жаздырылып, жекече тапшырмалар аткарылат. Аралык жумуштардын бул түрүн өткөрүүнүн максаты конкреттүү бир теманы, материалды өздөштүрүү даражасын иликтөөгө алып, өзүнүн ишин оңдоп-түздөө менен окуучунун кайтарым байланыш түзүүсүнө мүмкүндүк берет. Бул мугалим окуучунун ишин андан ары өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген жагдай болуп саналат. Мугалим бул иштерди текшергенден кийин жыйынтык баа койбостон, дагы кантип жакшыртуу, өркүндөтүү жолун көрсөтөт.

Окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин сапатын жогорулатууда, алардын таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүчү калыптандыруучу баалоонун усулдары, эң башкысы, мамлекеттик билим берүү стандартынын жана жалпы билим берүүчү

мектептердин предметтик окуу программаларына туура келип сунуш кылынган темалардын максатын, милдетин чагылдырышы керек. Ал эми мугалим окуучунун өз оюн кантип туюнтуп, кантип талдаганын, жалпылаганын, баалаганын анализдеп, анын негизинде өзүнүн окутуу ыкмасын жөнгө салуу үчүн түрдүү методикалык ыкмаларды жана каражаттарды орду менен колдонуу зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, сабакта окуучунун жетишкендиктерин колдоп жана аларды ийгиликке шыктандыруу максатында калыптандыруучу баалоонун «Кол менен белги берүү», «шыбырап айтуу», «күндөлүккө жазуу», «бир сүйлөм менен жалпылоо», «температураны өлчөө» өңдүү ыкмаларды пайдаланууга болот.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Асанакунов Т.А., Мусаева В.И. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. – Б., 2015
2. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык-практикалык маселелери. – Б., 2011
3. Выготский Л.С. Избранные психологические исследования. – М.,1968
4. Рысбаев С.К. Окуучунун сүйлөө, жазуу ишмердүүлүгү. – Б., 2014
5. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Б., 2009
6. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориялык жана практикалык негиздери. – Б., 2011



УДК 371
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-167-171



**Садыкова К.**
И.Арабаев атындагы КМУ, мамлекеттик тил жана маданият институту, ага окутуучу
**Садыкова К.**
КГУ им. И.Арабава, институт государственного языка и культуры, старший преподаватель
**Sadykova K.**
KSU them. I. Arabav, Institute of State Language and Culture, Senior Lecturer


## ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛООНУН БИЛИМ САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУДАГЫ РОЛУ
## РОЛЬ ОЦЕНКИ УСПЕВАЕМОСТИ В ОБУЧЕНИИ УЧАЩИХСЯ В ПОВЫШЕНИИ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ
## THE ROLE OF STUDENT ASSESSMENT IN STUDENT LEARNING IN IMPROVING THE QUALITY OF EDUCATION


**Аннотация:** Бул макалада билим берүүнүн сапатын жогорулатууда окуучулардын билимин баалоонун орду иликтөөгө алынат. Баалоого окутуу процессинин өзөгү катары мамиле жасалат. Диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоолордун методикалык аспекттери талданат.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается роль оценивания учащихся в повышении качества образования. Оценка рассматривается как основа процесса обучения. Анализируются методологические аспекты диагностического, формативного и итогового оценивания.